**Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип үчүн жазылган диссертациясына педагогика илимдеринин доктору, профессор Акматали Алимбековдун оппоненттик**

**пикири**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын коргоого сунуш кылынган “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы диссертациясын реалдуу социалдык, практикалык илимий муктаждыктардын таламынан келип чыккан актуалдуу изилдөө катары кароого толук негиз бар.

Изилдөөнүн актуалдуулугу *социалдык-педагогикалык деңгээлде* жылдан жылга балдардын ден-соолугунун начарлап бара жатышы жана аларды чечүү жагы бардык мекемелерде анын ичинде мектепке чейинки мекемелердин негизги милдеттеринин бири катары каралып жаткандыгы менен аныкталат. Автор белгилегендей орточо эсеп менен алганда, ар бир мектепке чейинки курактагы бала жылына кеминде эки жолу ооруйт. Балдардын 20-27% көп жана узакка созулган оорулар категориясына кирет. Мектепке чейинки курактагы балдардын болжол менен 90%ы кыймыл-таяныч аппаратынын түзүлүшүндө стандарттык четтөөлөргө дуушар болушат, мисалы, бузулган поза, жалпак таман, булчуңдардын тең салмаксыздыгы, ич булчуңдарынын алсыздыгы, статикалык жана динамикалык кыймылдардын оптималдуу эмес катышы байкалат.

*Илимий-теориялык деңгээлде* мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын илимий жактан негизделе электигинен келип чыгат. Ырасында эле Кыргызстанда жарык көргөн илимий–педагогикалык адабияттардын арасында бул маселеге арналган атайын изилдөөлөр кездешпейт.

Изилдөөнүн проблемасы, максат, милдеттери илим менен практикадагы карама-каршылыктарды айкындоонун негизинде ишенимдүү аныкталган.

Изилдөөнүн илимий аппаратынын бардык компоненттеринин ортосундагы ички логикалык биримдик сакталган.

**2. Илимий жыйынтыктар.**

Диссертацияда педагогика илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү төмөндөгүдөй жаңы илимий жыйынтыктар алынган:

**1-жыйынтык.** Диссертациянын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологияларды колдонуунун илимий теориялык-негиздери” аттуу биринчи бапында түрдүү булактардын негизинде балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык

Окул. катча: [signature]

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 100 «01» 10 2024 г.

технологиялардын маңызы жана мазмуну (3-13 б.б.), мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялардын типологиясы айкындалып (13-25 б.б.) , балдардын ден-соолугун чыңдоо багытындагы педагогдор менен ата энелердин кызматташтыгынын тажрыйбада калыптанган негизги багыттарына (25-33 б.б.) баа берилген. Диссертациянын текстинде изилдөөнүн биринчи милдетинин аткарылышын тастыктаган б.а. изилдөөнүн предметин түзгөн кубулуштардын социалдык жана илимий теориялык негизин түзгөн түйүндүү түшүнүктөр, концептуалдык көз караштар боюнча илимий аналитикалык материалдар бар.

**2-жыйынтык.** Диссертациянын экинчи главасы айрым диссертациянын көлөмүн арттыруудан бөлөк эч нерсеге кызмат кылбаган материалдарга жол берилип кеткендигине карабастан тандалып алынган изилдөө методдору аркылуу (92-104), мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын (92-104), мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун моделин (104-122) аныктоо боюнча реалдуу изилдөө жүргүзүлгөнүн тастыктап турат. Айкындалган шарттар мектепке чейинки билим берүү уюмдардагы педагогикалык процесстин табиятына адекваттуу жана ишке киргизүүгө ийкемдүү.

**3-жыйынтык.** "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары" - деп аталган экинчи бапта изилдөөнүн үчүнчү милдетине ылайык балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологияларды ишке киргизүү боюнча жүргүзүлгөн констатациялоочу жана калыптандыруучу эксперименттин мазмуну жана жыйынтыктары талдоого алынган. Педагогикалык экспериментте мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын сыноодон өткөрүүнүн локалдык жана жалпы максаттары так аныкталган; абалды жакшыртуу иш чаралары менен натыйжалар ортосунда байланыш сакталган; педагогикалык процесстин баштапкы жана акыркы абалынын параметрлери, көрсөткүчтөрү алардын ортосундагы айырмачылыктар атайын методдор аркылуу айкындалган.

Диссертациялык изилдөөнүн жалпы жыйынтыгы жана алардын негизинде тариздепген практикалык сунуштар изилдөөнүн логикасына келип чыккан жана ынанаарлык.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы.* Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык маңызы жана мазмуну, типологиясы тууралуу мурдагы аргументтер жана көз караштар автордук ой корутундулар менен толукталып такталган.

**2-натыйжа.** *Жаңы.* Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары жана модели алгач ирет аныкталган.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте өз алдынча текшерилип жаңы натыйжалар алынган.

**4. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**
Изилдөөнүн натыйжалары мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын анадан ары изилдөөгө жол ачышы мүмкүн. Эксперименталдык тажрыйба аркылуу тастыкталган педагогикалык модел жана шарттарды жалпы балдар бакчаларынын массалык тажрыйбасында тикеден – тике жетекчиликке алууга болот. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдорун балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонууга даярдоо боюнча сынактан өткөрүлгөн методикалык билимдер менен камсыз кылат.

**5. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.** Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун теориясы жана практикасын өркүндөтүү иштеринде өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогика илимине кошкон салымын тастыктай алат.

7. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 19 макала жарык көргөн. Жарыяланган макалаларда изилдөөнүн бардык компоненттери боюнча натыйжалар камтылган. Макалалардын дээрлик бардыгы Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуш кылган басылмаларда жарыяланган. Ошону менен макалалардын (Тизмедеги катарлары: 1, 2, 11,) ичинде түйүндүү

түшүнүктөрү жагынан темага тиешеси жок айрым макалалар да киргизилип калган.

**8. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферattын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине иденттүү.

**9. Диссертация жана автореферattын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот:**

**1.** Диссертация менен таанышканда илимий стилистиканын эреже талаптарынан четтеп кеткен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр учурайт: авторефератта илимий апараттын “коргоого коюлуучу жоболор”, “изилдөөчүнүн жеке салымы” сыяктуу айрым компоненттери талап кылынган стилге толук дал келбей калган; диссертация жана авторефератта айрым жоболорду далилдүү фактыларды жалпылоонун негизинде аргументациялоо жагы жетишпей калгандай таасир калтырат, логикалык жактан туура эмес түзүлгөн сүйлөмдөр учурайт; диссертация жана авторефератта айрым илимий билимдер өзүнүкү же өзгөнүкү экендиги даана туюндурулбай калган. Бир абзацта (автореф. 11 -б. ) 1.1. таблицадагы типология илимий адабияттарда сунушталат деп берилсе, экинчи абзацта автор өзү аныктап сунуш кылгандай берилген. Ошону менен бирдикте айрым терминдердин кыргызча аталыштары атап айтканда *“благополучия ребенка”* деген түшүнүк , *“баланын жыргалчылыгы”*, *“двигательный компонент”*, *“кыймылдоочу компонент”* - деп берилиши талаш жаратат. Арийне, бул жагдай кыргызча педагогикалык терминдердин тактала электиги менен да түшүндүрүлөт. Бирок, изилдөөчүнү ар кандай терминди түпкү маңызына карап колдонуу жоопкерчилигинен куткарбайт.

**2.** Диссертациянын текстинде конкретүү изилдөө методдорун, педагогикалык шарттардын жана моделдин алкагындагы алкагындагы иш чараларды сыпатоодо конкреттүү фактылык материалдарга караганда жалпы нормативдик теориялык конструкция таризиндеги билимдерге көбүрөөк орун берилип кеткендиги байкалат. Ар кандай илимий педагогикалык идея же ой тыянактардын системасы катары педагогдор жана балдардын турмушунан алынган көп кырдуу жандуу фактыларды максаттуу типтештирүү, рекнструкциялоого негизделгенде гана ишенимдүү болот. Буга байланыштуу диссертациянын диагностикалык бөлүмүндө жана тиркемеде ден-соолукту чыңдоочу педагогикалык технологияларды колдонулушуна байланыштуу бай материалдар бар. Бирок, алар автор түзгөн педагогикалык шарттар, моделдердин алкагына жетишээрлик даражада интеграцияланбай калган.

3. Диссертациянын түйүндүү сөздөрүнүн курамында *“элес түшүнүктөр”* категориясы учурабайт. Ошондой эле бул термин диссертациянын илимий теориялык контекстинде илимий апаратта, модел, педагогикалык шарттар алкагында да талкууланган эмес. Бирок, эксприменттин натыйжаларын балдардын *“элес түшүнүктөрүнүн” элестетүүлөрүнүн* калыптанган деңгээлинин өзгөрүү динамикасы деп өлчөп баалоо кошумча ачыктоону талап этет.

   Айрийне белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык жумуштун сапаттык көрсөткүчтөрүн төмөндөтпөй койбойт, бирок изилдөөнүн натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Каралып жаткан диссертацияны өз алдынча аткарылган, конкретүү натыйжалары бар изилдөө катары эсептейбиз.

4. Изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары” деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **А. Алимбеков**

КЕҢСЕ